**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

## «КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА ОКУУ»

окутуу орус, тажик, өзбек тилдеринде жүргүзүлгөн
жалпы билим берүүчү уюмдарынын 1-6-класстары үчүн

**Бишкек – 2025**

**Илимий консультант:**
**Дюшеева Н.К.** педагогика илимдеринин доктору, профессор, КББАнын президенти

**Иштеп чыккандар:**

| | |
|---|---|
| **Батыркулова А. Б.** | Кыргыз билим берүү академиясынын филологиялык билим берүү лабораториясынын башчысы, п.и.к. |
| **Рысбаев С. К.** | Кыргыз билим берүү академиясынын башкы илимий кызматкери, п.и.д., профессор |
| **Джусупбекова Н. С.** | КРнын Билим берүү жана илим министринин орун басары |
| **Оморова А. А.** | Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту, ага окутуучу. |
| **Эсеналиева К. Э.** | Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту (РПККЖжКДИ) КРнын Эмгек сиңирген мугалими, п.и.к., профессор |
| **Топоева-Ставинская Б. Б.** | Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер, "Кыргызтест" системасынын түптөөчүсү, "Кыргызтест" мамлекеттик мекемесинин директору |
| **Буйлякеева Р. К.** | Бишкек шаарындагы № 13 окуу-тарбия комплекс-гимназиясынын башталгыч класстар мугалими |

**Рецензенттер:**

| | |
|---|---|
| **Садыкова К.** | И. Арабаев атындагы КМУнун мамлекеттик тил жана маданият институтунун Кыргыз тили жана аны окутуунун технологиялары кафедрасынын ага окутуучусу |
| **Султанбекова Б. С.** | Л.В. Толстунов атындагы жалпы билим берүү орто мектебинин кыргыз тили мугалими |

Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 1-6-класстары үчүн “Кыргыз тили жана окуу” боюнча предметтик стандарты Кыргыз Республикасынын Билим берүү жөнүндө мыйзамына (2023), Кыргыз Республикасында жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартына (2025) негизделип иштелип чыккан.

Аталган стандарт кыргыз тилин Кыргыз Республикасынын мектептеринде экинчи тил катары үйрөтүүнүн усулу боюнча негизги стратегиясын, урунттуу приоритеттүү багыттарын аныктайт, билим берүү, тарбиялоо жана өнүктүрүү маселелерин чечүүгө багытталат. Башталгыч мектепте кыргыз тилин экинчи тил катары үйрөтүүнүн усулу боюнча кыргыз тили жана окуу предметинин окуу программаларын, окуу китептерин жана окуу-методикалык комплексин, дидактикалык материалдарды, иштеп чыгуу үчүн негиз болуп саналат.

# М А З М У Н У

I. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ, МАКСАТЫ, МИЛДЕТТЕРИ ............................ 4

II. ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР ............................................................ 8

III. МАЗМУНДУК БАГЫТТАР (мазмундук линиялар) ....................................................9

IV. ОКУТУУНУН УСУЛДАРЫ/ТЕХНОЛОГИЯЛАРЫ..................................................15

V. ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО .............................16

VI. РЕСУРСТУК КАМСЫЗДООГО МИНИМАЛДЫК ТАЛАПТАР .............................19

VII. ШЫКТАНДЫРУУЧУ ЖАНА КООПСУЗ БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮН ТҮЗҮҮ......................................................................................................... 20

VIII. ТИРКЕМЕЛЕР.......................................................................................... 23

## 1. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ, МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

Башталгыч класстарда кыргыз тилин экинчи тил катары окутуу окуучулардын тилдик, кептик, социо-маданий компетентүүлүктөрүн өнүктүрүүгө жана кыргыз тилинде эркин баарлаша билүүсүнө багытталган.

Башталгыч мектепте **кыргыз тилин экинчи тил катары окутуунун максаты** башталгыч коммуникативдик компетенттүүлүгүн өнүктүрүү, кыргыз тилин баарлашуу, таанып-билүү, өзүн көрсөтүү жана социалдык адаптациялануу каражаты катары колдонууну камсыз кылуу болуп саналат.

Максатка жетүү үчүн төмөнкү **милдеттер** ишке ашырылат:

**Таанып-билүүчүлүк (билим берүүчүлүк) –** окуучу баарлашуу максаттарына жетүү үчүн белгилүү лексикалык жана грамматикалык материалды өздөштүрүшү, социалдык кырдаалга жараша функционалдык керектөөсүн тандап туура колдоно алышы керек.

**Жүрүм-турумдук (өнүктүрүүчүлүк)** – карым-катыштын күнүмдүк-тиричиликтик, социалдык-маданий, окуу жана кесиптик чөйрөлөрүндө мамлекеттик тилде баарлашуу үчүн жетиштүү деңгээлде тил көндүмдөрүнүн түрлөрүн (угуу, окуу, жазуу, сүйлөө) эркин колдоно билиши керек.

**Баалуулук (тарбия берүүчүлүк)** – **Кыргыз Республикасынын жараны катары** окуучу кыргыз элинин маданиятындагы баалуулуктарды кабыл алып, **коомчулукта социалдашуусу жана** өзүнүн өсүп-өнүгүшү үчүн мамлекеттик тилди билүү зарылдыгын түшүнүшү керек.

Сабактын максаттары компетенттүүлүктөрдү калыптандыруучу күтүлүүчү натыйжалар катары жазуу сунушталат.

Башталгыч мектепте кыргыз тилин экинчи тил катары окутуу төмөнкү мамилелерге негизделген:

**Компетенттүүлүк мамиле** – окуучулардын жашоонун ар кандай чөйрөлөрүндө ийгиликтүү аракеттенүүсүн камсыз кылуучу компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга багытталган билим берүү процессинин концептуалдык негизи.

**Коммуникативдик мамиле** кыргыз тилинде реалдуу турмуштагы баарлашууга жакын (окуу жана турмуштук кырдаалдарда) баарлашуу көндүмүн калыптандырып, тилдик жана кептик көндүмдөрүн колдонууга өбөлгө түзөт.

**Дифференцияланган мамиле** окуучулардын кызыкчылыктарын жана жөндөмүн эске алат. Окуучуга репродуктивдүү, продуктивдүү жана креативдүү деңгээлде дифференцияланган тапшырмалар сунушталат.

**Социо-маданий мамиле** бул ар кандай маданияттардагы жүрүм-турум нормаларын түшүнүүгө, алардын өзгөчөлүктөрү жөнүндө жана өзүнүн маданий өзгөчөлүгүн билүүгө жардам берет.

**Грамматиканы окутууга функционалдык мамиле.** Грамматика функционалдуу окутуу сабактын жүрүшүндө 3 этап менен ишке ашырылат. Грамматикалык материал сабактын кептик темасына ылайык келген лексиканы колдонуу менен окутулат. 1) Грамматика мугалим тарабынан анын түзүлүшү жана кептеги кызматы аркылуу түшүндүрүлөт, мында окуучулардын тилдик компетенттүүлүгү калыптандырылат. 2) Грамматикалык материал кепте колдонулуп, көп жолу машыктырылат. Муну менен кырдаалдык көнүгүүлөрдө көзөмөлдөнүүчү окуучулардын кептик компетенттүүлүгү

калыптандырылат. 3) Окуучуларга берилген грамматикалык түшүнүктү колдонууну талап кылуучу өз алдынча иштин түрлөрү сунушталат.

Предметтик стандарт кыргыз тилин экинчи тил катары деңгээлдер боюнча окутуу функционалдык-коммуникативдик мамиледе жүргүзүүнү көздөйт. Кыргыз Республикасында мамлекеттик тилди билүү деңгээлдери Жалпы Европа стандарттарынын негизинде иштелип чыккан «Кыргызтест» системасынын деңгээлдик талаптары боюнча тариздеелет. «Кыргызтест» системасынын деңгээлдик талаптары окуучулардын өз ара баарлашуусу ийгиликтүү болуусу үчүн кандай лексикалык жана грамматикалык минимумдарды өздөштүрүп, кандай көндүмдөргө ээ болуусу керек экендигин аныктайт.

1–4-класстар үчүн "Кыргыз тили жана окуу", 5-6-класстар үчүн “Кыргыз тили” жана “Кыргыз жана дүйнө адабияты” предметинин мазмуну **төмөнкү деңгээлдерге ылайык келет[1]:**

**Кыргыз тилин билүү деңгээли**

Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде *кыргыз тили* – А1 (Элементардык, тил чөйрөсү жок учурда), А1+ (Элементардык, тил чөйрөсү бар болгон учурда) деңгээлдерине ылайык окутулат.

**Таблица 1 – Тил билүү деңгээлдери**

| | **Деңгээлдер** | **Тилдик чөйрө жок кырдаалда** | **Тилдик чөйрө бар кырдаалда** |
|---|---|---|---|
| **1. Башталгыч жалпы модель** | А0 Старттык | 1-класс | |
| | А1.1. Элементардык | 2-класс | 1-класс |
| | А1.2. Элементардык | 3-класс | 2-класс |
| | А1.3. Элементардык | 4-класс | 3-класс |
| **2. Негизги жалпы модель** | А2.1. Базалык | 5-класс | 4-класс |
| | А2.2. Базалык | 6-класс | 5-класс |
| | А2.3. Базалык | | 6-класс |

**Таблица 2 – Башталгыч класстарда кыргыз тилин билүү деңгээлдерине коюлган талаптар**

| **Деңгээл-дер / класстар** | | **Тил менен кептин аспекти-лери** | **Деңгээлдердин мүнөздөмөсү** | **Лек сика-лык мини-мум** |
|---|---|---|---|---|
| **А0** | **1-класс** | **Лексика** | Сөздүк кору конкреттүү темалар боюнча өзүнчө жөнөкөй сөздөрдөн жана сөз айкаштардан турат | 1-класс: 250 сөз |
| | | **Грамма-тика** | Сүйлөмдөрдүн конструкцияларынын жана моделдеринин чектелүү санын колдоно алат | |

[1] «Общеевропейские компетенции владения иностранным языком: Изучение, преподавание, оценка» ("Common European Framework of Reference: Learning, Teaching, Assessment"), Совет Европы – 2001.

| | | | |
|---|---|---|---|
| | **Угуу** | Тамгаларды жана тыбыштарды угуп айырмалап, муундарды айырмалайт, ар бир сөздү так жана тынымдар менен айтканда айрым сөздөрдү жана сөз айкаштарын түшүнөт | |
| | **Окуу** | Тааныш аталыштарды, сөздөрдү, жөнөкөй фразаларды түшүнөт | |
| | **Сүйлөө** | Өздөштүргөн жөнөкөй фразаларды кебинде колдонот | |
| | **Жазуу** | Жазуу техникасына, жазуунун негизги көндүмдөрүнө ээ, алфавитти билет, тамгаларды, сөздөрдү туура жазат | |
| **2-класс** | **Лексика** | Сөздүк кору конкреттүү темалар боюнча өзүнчө жөнөкөй сөздөрдөн жана сөз айкаштардан турат | **2-класс:** 300 сөз |
| | **Грамматика** | Сүйлөмдөрдүн конструкцияларынын жана моделдеринин чектелүү санын колдоно алат | |
| | **Угуу** | Тамгаларды жана тыбыштарды угуп ажырата билет, муундарды айырмалайт, ар бир сөздү так жана тынымдар менен айтканда айрым сөздөрдү жана сөз айкаштарын түшүнөт | |
| | **Окуу** | Тааныш аталыштарды, сөздөрдү, жөнөкөй фразаларды түшүнөт | |
| | **Сүйлөө** | Өздөштүргөн жөнөкөй фразаларды кебинде колдонот | |
| | **Жазуу** | Жазуу техникасына, жазуунун негизги көндүмдөрүнө ээ, алфавитти билет, тамгаларды, сөздөрдү туура жазат, жөнөкөй сүйлөмдөрдү жаза алат | |
| **3-класс** | **Лексика** | Сөздүк кору күнүмдүк баарлашуунун тааныш кырдаалдарына катышуу үчүн жетиштүү: мектепте, көчөдө, ашканада ж.б. | **3-класс:** 400 сөз |
| | **Грамматика** | Окуп-үйрөнгөн жөнөкөй грамматикалык конструкцияларды туура колдонот | |
| | **Угуу** | Ар бир сөз так, тынымдар менен жай айтылган кепти угуп кабыл алат | |
| | **Окуу** | Чакан, жөнөкөй тексттерди фразаларга бөлүп окуп, тааныш аталыштарды, сөздөрдү керектүү учурда кайра кайталап окуп түшүнөт | |
| | **Сүйлөө** | Белгилүү темалардын чегинде жөнөкөй суроолорду берип, жооп бере алат | |
| | **Жазуу** | Жөнөкөй сүйлөмдөрдү жаза алат, кыргыз графикасы менен орфографиясынын жөнөкөй эрежелерин билет, сөздөрдү, кыска сүйлөмдөрдү угуп жаза алат | |
| **4-класс** | **Лексика** | Сөздүк кору негизги коммуникативдик муктаждыктарын канааттандыруу үчүн жетиштүү: сурап билүү, суроо берүү, өтүнүү, тактоо, кеңеш берүү ж.б. | **4-класс:** 500 сөз |
| | **Грамматика** | Баарлашуунун тааныш кырдаалдарында кеп куруу үчүн грамматикалык билими жетишерлик | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Угуу** | Так жана жай айтылган фразалардын, аңгеменин (адам, анын үй-бүлөсү, сатып алуулары, эмне кайда экендиги жөнүндө жөнөкөй маалымат) маанисин угуп түшүнө алат | |
| | | **Окуу** | Эң көп кездешүүчү лексиканы камтыган кыска жөнөкөй тексттерди окуп түшүнөт | |
| | | **Сүйлөө** | Диалогго катышуучу жай темпте сүйлөсө, диалогго катыша алат; жөнөкөй фразаларды жана сүйлөмдөрдү колдонуп, тааныш адамдар жана жашаган жери жөнүндө айтып берет. | |
| | | **Жазуу** | "жана", "бирок", анткени" сыяктуу жөнөкөй байламталар менен байланышкан фразаларды колдонуп сүйлөм түзө алат; жазуу жүзүндө өз ойлорун билдире алат, суроолорго жооп бере алат; Жөнөкөй ачык каттарды (майрам менен куттуктоо) жаза алат. | |
| | **5-класс** | **Лексика** | Көптөгөн күнүмдүк темалар боюнча баарлашууга сөздүк кору жетиштүү: үй-бүлө, достор, мектеп, үй, эс алуу, окуялар ж.б. | **5-класс:** 600-сөз |
| | | **Граммати ка** | Стандарттык конструкцияларды колдонуп белгилүү кырдаалдар боюнча байланыштуу кеп түзө алат | |
| | | **Угуу** | Так жана жай сүйлөгөн шартта кыска фразаларды, кыска аңгемелерди угуп түшүнөт | |
| | | **Окуу** | Кыска жөнөкөй тексттерди окуп түшүнөт, күнүмдүк баарлашуу үчүн конкреттүү маалыматтарды таба алат: жарнамаларда, проспекттерде, менюда, жүгүртмөлөрдө | |
| | | **Сүйлөө** | Тааныш темалардын чегинде маалымат алмашууну талап кылган жөнөкөй типтүү кырдаалдарда жөнөкөй фразалар менен сүйлөмдөрдү колдонуп баарлаша алат, өзү, үй-бүлөсү, окуусу, күнүмдүк жашоосу жөнүндө айтып бере алат. | |
| | | **Жазуу** | Жазуу жүзүндө өз ойлорун билдире алат, суроолорго жооп жаза алат, жеке мүнөздөгү билдирүүлөрдү жазат (бир нерсе үчүн бирөөгө ыраазычылык билдирүү), жат жазуу, башталгыч класстардын тематикасынын чегинде мини-эссе жазуу ж.б. | |
| | **6-класс** | **Лекси-ка** | Сөздүк кору күнүмдүк темаларда баарлашууга жетиштүү: үй-бүлө, достор, мектеп, үй, эс алуу, окуялар, кызыгуусу, жашаган жери, шаары / айылы, өлкөсү, өлкөдөгү жана үй-бүлөдөгү баалуулуктар ж.б. | **6-класс:** 700 сөз |
| | | **Граммати ка** | Стандарттык конструкцияларды колдонуп белгилүү кырдаалдар боюнча байланыштуу кеп түзө алат | |
| | | **Угуу** | Так жана жай сүйлөгөн шартта кыска фразаларды, суроолорду, өтүнүчтөрдү, кыска аңгемелерди, түрдүү тексттерди (диалог, монолог) угуп түшүнөт | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | **Окуу** | Кыска жөнөкөй тексттерди түшүнөт, күнүмдүк баарлашууга керектүү жөнөкөй конкреттүү маалыматтарды таба алат: жарнамаларда, проспекттерде, менюда, жүгүртмөлөрдө. Түрдүү стилдеги жана жанрдагы тексттерди окуп түшүнөт, каармандын жүрүм-турумун баалайт, окуганы боюнча негизги ойду аныктайт, турмуштук тажрыйбасы менен салыштырат, тыянак чыгарат, окуганын жалпылайт. | |
| | | **Сүйлөө** | Тааныш темалардын чегинде маалымат алмашууда жөнөкөй типтүү кырдаалдарда жөнөкөй фразалар менен сүйлөмдөрдү колдонуп баарлаша алат, өзү, өз үй-бүлөсү, окуусу, күнүмдүк жашоосу, кызыгуусу, ден соолугу, жашаган жери, өлкөсү, мамлекеттик баалуулуктар, географиялык абалы, тарыхы жөнүндө айтып бере алат. | |
| | | **Жазуу** | Жазуу жүзүндө өз ойлорун билдирет, суроолорго жооп жазат, суроо түзөт, окуганы же укканы боюнча негизги ойду баяндайт, көрүнүштөрдү, буюмдарды сүрөттөйт, жеке мүнөздөгү билдирүүлөрдү (ыраазычылык билдирүү, кеңеш берүү, кайрылуу, керектүү нерсени суроо, өтүнүү ж.б.), жат жазууларды, мини-эсселерди ж.б. жаза алат | |
| | | **1-6- класстар:** 700 сөз бирдиги | | |

## II. ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНТТҮҮЛҮКТӨР

Кыргыз тили жана окуу сабагында төмөндөгү предметтик компетенттүүлүктөр калыптанууга тийиш. Алар башталгыч билим берүүнүн өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен төмөнкүчө аныкталды:

**ПК 1. Кептик компетенттүүлүк** – кеп ишмердигинин негизги 4 түрүндөгү (сүйлөө, угуу, окуу, жазуу) билгичтиктерди жана көндүмдөрдү өнүктүрүү.

**ПК 2. Тилдик компетенттүүлүк** – негизги мектеп үчүн тандап алынган темаларга, баарлашуу чөйрөлөрү менен кырдаалдарына жараша тилдик (фонетикалык, орфографиялык, лексикалык, грамматикалык) каражаттарды колдоно билүү, үйрөнүлүп жаткан тилдеги өзгөчөлүктөр жөнүндө билимдерди, ойду туюнтуучу ар түрдүү ыкмаларды өздөштүрүү.

**ПК 3. Социомаданий компетенттүүлүк** – окуучулар өздөрүнүн тажрыйбасына, кызыкчылыктарына, психологиялык өзгөчөлүктөрүнө жараша белгиленген баарлашуу темаларынын, чөйрөлөрүнүн жана кырдаалдарынын чегинде Кыргызстандын маданиятына, каада-салттарына аралашып, маданият аралык баарлашуу шартында өз өлкөсүн, анын маданиятын башкаларга тааныштыра билиши керек. Окуудагы жалпы талаптарды жана атайын билгичтиктерди андан ары өнүктүрүү, тилдерди жана маданияттарды өз алдынча үйрөнүү ыкмаларын, бул үчүн жаңы маалымат технологияларын колдонууну балдарга жеткиликтүү түрдө тааныштыруу да бул компетенттүүлүктүн курамына кирет.

Предметтик компетенттүүлүктөр негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандыруунун негизи болуп эсептелет жана алар менен биргеликте өнүгөт. Предметтик жана негизги компетенттүүлүктөрдүн байланышы окуучулардын реалдуу коммуникативдик

муктаждыктары, интерактивдүү окутуу, ар түрдүү окуу ишмердүүлүгү, чыныгы жашоого жакын баарлашуу кырдаалдары, сүйлөө өнүгүүсүнө багытталган көнүгүүлөр жана коомдук жашоонун ар түрдүүлүгүн чагылдырган тексттер аркылуу ишке ашырылат.

## III. МАЗМУНДУК БАГЫТТАР (мазмундук линиялар)

Окутуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 1-4 - класстары үчүн "Кыргыз тили жана окуу", 5-6-класстарда "Кыргыз тили" сабактарынын мазмундук багыттары:

1. Оозеки жана жазуу кеби
2. Окуу жана түшүнүү
3. Тилдик системанын элементтери
4. Кептик баарлашуунун социалдык-маданий элементтери

**1."Оозеки жана жазуу кеби"** мазмундук багыты окуучулардын экинчи тилде оозеки жана жазуу жүзүндөгү маалыматты кабыл алуу жана түшүнүү, аны ар кандай коммуникативдик кырдаалдарда колдонуу, башка адамдар менен диалогдук жана монологдук формада баарлашуу жөндөмдөрүн калыптандырууга багытталган. Бул мазмундук багыттын негизи угуу, сүйлөө жана жазуу кептик көндүмдөрүнүн байланышынан турат.

**2."Окуу жана түшүнүү"** мазмундук багыты окуучулардын үн чыгарып эркин, туура, шар, бир калыпта көркөм окуу, окугандарын түшүнүү жана чечмелөө көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган. Окуу көндүмү көп түрдүүлүк, толеранттуулук, гендердик теңчилик жаатындагы ар кандай стилдеги (оозеки, көркөм, илимий-таанып билүү), ар кандай түрдөгү (туташ жана туташ эмес тексттер) жана ар кандай жанрдагы (табышмактар, макал-лакаптар, жомоктор, уламыштар, аңгемелер, ырлар ж.б.) кыска тексттерди окуу аркылуу өнүгөт.

**3."Тилдик системанын элементтери"** мазмундук багыты кыргыз тилинин тил системасынын элементтери менен тааныштырат жана тил илиминин фонетика, лексика жана грамматика сыяктуу бөлүмдөрүнүн негизги түшүнүктөрүн камтыйт. Мазмундук багыт окуучулардын социалдык-турмуштук, социалдык-маданий жана окуу-эмгек байланыш чөйрөсүндө өз ара аракеттенүү үчүн тилди колдонуунун алгачкы көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган.

**4."Кептик баарлашуунун социомаданий элементтери"** мазмундук багыты окуучулардын баарлашуунун жана социалдык-турмуштук, социалдык-маданий жана окуу-эмгек чөйрөсүндө өз ара аракеттенүүнүн этикеттик ченемдерин өздөштүрүүсүнө; өзүнүн жана башка элдердин маданиятынын өзгөчөлүктөрүн түшүнө билүүгө жана кабыл алууга; окуучуларды балдар фольклорунун айрым чыгармалары, өзөк сөздөр, идеялар, Кыргызстан элдеринин маданиятынан жомоктордун каармандары, Кыргызстандын жана башка өлкөлөрдүн белгилүү маданий кооз жерлери менен тааныштырууга; адам укуктарына, теңдикке, басмырлабоого, инклюзияга жана социалдык жоопкерчиликке ылайык өз өлкөсүнүн баалуулуктарын жана жалпы адамзаттык баалуулуктарды аңдап билүүгө багытталган.

**Предметтин мазмуну.** Башталгыч класстарда кыргыз тили жана окуу предмети баланын оозеки жана жазуу кебин өстүрүүнүн фонетикалык-грамматикалык аспектилерин,

жалпы эле окуу ишмердигин, адабий жана эстетикалык-чыгармачылык багытында кеп өстүрүүнү карайт.

1-класста окутууда предметтик-тематикалык, сюжеттик сүрөттөр аркылуу кебин өстүрүү, сөздүк корун байытуу иштери аткарылат, байланыштуу сүйлөөгө машыктырылат, окуучулар тыбыштар катышкан буюмдарды жана нерселерди кыргыз тилинде атап айтып, алардын маанилик-мазмундук байланышын үйрөнүшөт. Ушул эле мезгилде кебин өстүрүү максатында тил жатыктыруучу фонетикалык саптар, санактар, чакан тексттер менен да таанышуу иштери жүрөт.

**Экинчи жарым жылдык**, негизинен, ***алфавитти үйрөнүү мезгилин*** камтыйт, окуучулар алфавит менен таанышат жана:

- тамгаларды тааныйт, а дегенде, алардын аталыштарын атап айтып үйрөнүшөт, алар катышкан сөздөр менен аталган предметтерди таанып, сүйлөп, боёп айтып беришет;

- андан соң, кол булчуңдарын бекемдөөчү эң жөнөкөй чиймелер (чекиттер, кош чийме, чарчы чийме, жумуру чиймелерге, буюмдардын элесин берген жазууларга кол көндүрүү иштери аткарылып, тамгаларды басма түрүндө жазып үйрөнүшөт;

2-класста окуучунун фонематикалык кабылдоосун улантып, бекемдөө, сабаттуулугун өркүндөтүү жана сөз байлыгын арттыруу аркылуу байланыштуу кебин өнүктүрүү жана сабаттуулугун өркүндөтүү иши - эң жөнөкөй “Кыргыз тили жана окуу” китеби менен жүзөгө ашат. Кыргыз тили жана окуу китебинде кыргыз алфавитин өздөштүрүү аркылуу фонематикалык кабылдоосу бекемделип, каллиграфиялык сабаттуулугу системалуу жана биргеликте жүрөт.

Окуучулардын сүйлөө жана жазуу маданиятына айрыкча маани берилет, т.а. окуучулар кыргызча муунду, сөздү жана сүйлөмдөрдү, бара-бара чакан текстти туура окуу жана туура сүйлөө менен жазууга, кыргыз тилинде так, таза окуп-жазууга, логикалуу сүйлөм түзүп сүйлөөгө басым коюлат. Кыргызча кеп этикетине машыгышат.

3-4-класстарда Кыргыз тили жана окуу предметин окутуунун жетектөөчү компоненти сөздүн түрүн, түзүлүшүн, кептеги кызматын, түркүмдөрүн, маанилерин билүү, сүйлөм түзүп машыгып, ишмердиктин ыкмаларына үйрөнүү болуп саналат.

5-6- класстарда окуучунун жалпы эле окуу ишмердигин түптөөдөн баштап, ар кыл тематикада, кептин түрлөрүнө (баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү) ылайык тексттерди окуп үйрөнүүгө, талдап түшүнүүгө багыттайт.

“Кыргыз тили жана окуу” предметинин стандарты 1-4-класстарда интеграцияланган предмет катары бир окуу китеби менен (“Кыргыз тили жана окуу”) окутулат жана 5-6-класстарда 2 предметке ажырайт, алар “Кыргыз тили” жана “Кыргыз жана дүйнө адабияты” деп аталат.

**Таблица 3 – Кыргыз тили жана окуу, Кыргыз тили предметтеринде материалды баарлашуу чөйрөсү боюнча тематикалык бөлүштүрүү**

| **Баарлашуу чөйрөлөрү** | **1-4-класстар** | **5-6 класстар** |
|---|---|---|
| **Социалдык -тиричилик чөйрөсү** | Менин үй-бүлөм.<br>Саламдашуу, коштошуу.<br>Үй жана жапайы жаныбарлар.<br>Дене мүчөлөрү. | Менин үй-бүлөм (кесиби, жашы, туугандары).<br>Сырткы келбети.<br>Адамдардын мүнөзүн жана сезимдерин |

| | | |
|---|---|---|
| | Жашылча-жемиштер.<br>Туура тамактануу жана күн тартиби.<br>Туулган күн.<br>Кийим.<br>Түстөр.<br>Үй-бүлө (жашы, туугандык белгиси).<br>Менин үйүм, бөлмөлөр.<br>Азык-түлүк дүкөнү. | сүрөттөө.<br>Туулган күн. Каалоо-тилек айтуу.<br>Хобби. Кызыгуулары. Шык-жөндөмдөрү.<br>Салам айтуу. Доско (туугандарга) кат жазуу.<br>Жашоо. Сергек жашоо образы (тамактануу жана спорт). Ден соолукка пайдалуу азыктар.<br>Күн режими. Оюндар. Конокко баруу.<br>Дүйнө элдеринин (Кыргыз Республикасынын  жана чет өлкөлөрдүн) ашканасы.<br>Соода (азык-түлүк, кийим-кече, турмуш-тиричилик, электроника, чарба товарлары).<br>Менин үйүм (бөлмөлөр, эмеректер, үйдөгүлөргө жардамы, ата-энесине мамиле).<br>Менин шаарым (инфраструктура, борбор, маршрут, эс алуу, кооз жерлер).<br>Үй жумуштары (үй-бүлөдөгү жоопкерчилик, милдеттер, тапшырмалар). |
| **Социалдык маданий чөйрө** | Өз өлкөсү менен таанышуу (этностордун ар түрдүүлүгү).<br>Тилин үйрөнүп жаткан өлкөлөр менен таанышуу (өлкөлөр жана борборлор).<br>Жаратылыш (көлдөр, дарыялар, тоолор, токойлор ж.б.).<br>Адамдардын сүрөттөлүшү (адамдардын көп түрдүүлүгү). | Өлкө боюнча саякат (чет тилдүү өлкөлөр жана Кыргыз Республикасы).<br>Туристтик жерлер, тарыхый жерлер.<br>Кыргызстан (ажайып кооз жерлер, каада-салттар).<br>Унаанын түрлөрү. Саякаттоо. Эс алуу.<br>Багыттар (оңго, солго, алдыга, артка, түндүк, түштүк, чыгыш, батыш).<br>Жол эрежелери. Коопсуздук.<br>Кыргыз Республикасынын негизги майрамдары.<br>Искусство (живопись, музыка, балет, кино, театр, адабият). |
| **Окуу эмгек чөйрөсү** | Менин мектебим (окуу предметтери, инфраструктура, ынтымактуу класс).<br>Күндүн убактысы, Жуманын күндөрү.<br>0дөн 100гө чейин саноо.<br>Жыл мезгилдери, айлар, аба ырайы, жаратылыш кубулуштары. | Мектеп жана мектеп жашоосу (сабактар, жадыбал, ийрим, иш чара, олимпиада, жарыш).<br>Буюмдардын, жаратылыш кубулуштарынын, көрүнүштөрүнүн сүрөттөлүшү.<br>1000ге чейин саноо. Логика.<br>Күндүн убактысы. Аптанын күндөрү (убактын пландаштыруу). Күн тартиби |

| | | |
|---|---|---|
| | Убакытты аныктоо.<br>Кесиптер. | боюнча башкаларга сунуштарды берүү.<br>Жыл мезгилдери. Кыргызстандын жана чет өлкөлөрдүн даталары жана майрамдары, ажайып кооз жерлер, жаратылыш кубулуштары.<br>Кесиптер. |

**Таблица 4 – Мазмундук багыттар жана компетенттүүлүктөр боюнча билим берүүнүн натыйжалары**

| Мазмундук багыт-тар | Кеп ишмер-дүүлүгү | Күтүлүүчү натыйжалар | |
|---|---|---|---|
| | | **1-4 - класстар** | **5-6 - класстар** |
| | **Кептик компетенттүүлүк** | | |
| **Оозеки жана жазуу кеби** | **Угуу** | Мугалимдин же башка сүйлөөчүнүн сөздөрүн кунт коюп угуп түшүнүп, жооп берет.<br>Укканы боюнча суроо берет, суроого жооп берет.<br>Окуу материалдарын жана нускамаларды туура кабыл алат.<br>Үйрөнүп жаткан материалдын алкагында 10-30 секунддук сүйлөмдөрдү угуп түшүнүп, реплика менен жооп берет. | Угуу текстинде сөз эмне жөнүндө болуп жатканын, окуя каерде өтүп жатканын ж.б. аныктап угат.<br>Укканы боюнча суроо берет, суроого жооп берет, эпизодду сүрөттөп берет, план түзүп, план боюнча кыскача айтып берет.<br>Жөнөкөй тексттердин негизги мазмунун, фактыларын жана синонимдер аркылуу кайра айтылган маалыматты түшүнүп, жооп берет, баарлашууга катышат; |
| | **Сүйлөө** | Чакан монолог жана диалог түрүндө ойду айтат, жазат.<br>Белгилүү темалардын алкагында жөнөкөй кыска тексттерди түзөт.<br>Суроолорго кыскача жооп берет, ыраазычылык билдирет;<br>Сөздөрдү жана сөз айкаштарын таянычтардын жардамы менен жөнөкөй сүйлөмдөргө бириктире алат;<br>Суроолорду берет жана жооп бере алат. | Чоң эмес монолог жана диалог түрүндө ойду айтат, жазат.<br>Белгилүү темалардын алкагында жөнөкөй кыска тексттерди түзөт.<br>Сөздөрдү жана сөз айкаштарын жөнөкөй сүйлөмдөргө бириктирет; монолог текст жаратат.<br>Суроолорду берет жана жооп берет, тема боюнча баарлашат, каршы ой билдирет, башкалардын оюн толуктайт, түшүнбөгөн жерин тактайт, кошумчалайт. |
| | **Жазуу** | Сөздөрдү жана кыска фразаларды жазат;<br>Өзү жана башка адамдар, окуялар, кубулуштар жөнүндө | Окуганы, укканы, көргөнү боюнча кыска аңгеме жазат.<br>Өзүнүн күн тартибин, күн бою жасаган иштерин баяндап жазат; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | жөнөкөй сүйлөмдөрдү таянычтардын жардамы менен жазат (5-10 сүйлөм).<br>Башкаларга кайрылып түрдүү мазмундагы кыска каттарды жазат. | аткарылуучу жумуштардын тизмесин түзөт.<br>Мектептен үйгө чейинки жолун сүрөттөйт, кайсы унаа менен жана кантип бара турганын түшүндүрүп жазат.<br>Класстагы, класстан тышкаркы иш-чараларды, алардын жүрүшүнө баа берүү менен баяндайт. |
| **Окуу жана түшүнүү** | | Тексттин темасын жана негизги ойду белгилейт.<br>Негизги жана кошумча маалыматты айырмалайт.<br>Негизги идеяны жана өзүнчө деталдарды бөлүп көрсөтө алат;<br>Тексттин мазмунун сүрөттөр же сабактын контексти менен байланыштырат;<br>50-60 сөздөн турган тексттин мазмунун түшүнүп баарлаша алат. | Эки жана андан көп тексттердин айырмаларын табат/ тексттердин мазмунун салыштырат.<br>Тексттеги негизги ойду (идеяны) аныктайт.<br>Тексттеги айкын жана айкын эмес берилген маалыматты табат.<br>Окуган маалыматты классификациялайт, салыштырат жана жыйынтык чыгарат;<br>Текстти графикалык формага (кластер, схема, таблица) айландыра алат жана тескерисинче графикалык форманы текст кылып түзө алат);<br>100 сөзгө чейин тексттин мазмунун түшүнүп айтып берет. |
| **Тил системасынын элементтери** | **Тилдик компетенттүүлүк** | | |
| | **Орфография** | Алфавиттин тамгаларын тааныйт жана жазат;<br>Сөздөрдү окуйт жана сабаттуу жана таза жазат. | Лексика-грамматикалык материалдын алкагында сөздөрдү окуйт жана сабаттуу жана таза жазат. |
| | **Фонетика** | Тилдеги бардык тыбыштардын жана үйрөнгөн тамга айкалыштарын туура айтып, угуп ажырата билет;<br>Муундардын санын аныктай алат;<br>Тыбыштын сөздөгү жана муундагы ордун аныктай алат;<br>Тааныш сөздөрдө жана сүйлөмдөрдө басымды туура коёт;<br>Жай жана суроолуу сүйлөмдөрдө туура | Тилдеги бардык тыбыштардын жана тамгалардын айкалышын туура айтып, угуп ажырата билет;<br>Сөздөгү муундардын санын аныктай алат;<br>Тааныш сөздөрдө жана сүйлөмдөрдө басымды туура коёт;<br>Тамгалардын айкалышындагы тыбышты аныктайт, окуйт жана жазат;<br>Муундардын санын (кол чабуу же башка ыкмалар менен) аныктай алат; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | интонацияны сактайт. | Жай суроолуу жана илептүү сүйлөмдөрдө туура интонацияны сактайт. |
| | **Лексика** | Темаларга ылайык лексикалык минимумду (100-150 лексикалык бирдик) таанып билет жана сүйлөөдө колдонот. | Темаларга ылайык лексикалык минимумду (150-200 лексикалык бирдик) таанып билет жана сүйлөөдө колдонот. |
| | **Грамма тика** | - жөнөкөй сүйлөмдөрдүн түрлөрү (оң/терс);<br>- суроолуу сүйлөмдөрдүн түрлөрү;<br>- этиштер;<br>- зат атоочтор;<br>- тактоочтор<br>- ат атоочтор;<br>- зат атоочтордун таандык категориясы;<br>- кызматчы сөздөр;<br>- этиштер. | Таанып-билет жана кебинде колдонот:<br>Ырастоочу, суроолуу жана терс формадагы жөнөкөй сүйлөмдөр;<br>Сан-өлчөм, себеп-натыйжа байланышы бар татаал сүйлөмдөр;<br>Сүйлөмдөрдүн түрлөрү<br>– этиштер;<br>– ат атоочтор;<br>– сын атоочтор;<br>– тактоочтор;<br>– кызматчы сөздөр;<br>– зат атоочтор; |
| | **Социо-маданий компетенттүүлүк** | | |
| **Кептик баарлашуунун социомаданий элементтери** | | Баарлашуу кырдаалдарында кептик этикетти сактайт: - саламдашуу жана сылык коштошуу, ыраазычылык билдирүү;<br>Өлкөбүздүн улуттук-маданий өзгөчөлүктөрү жөнүндө баштапкы түшүнүккө ээ;<br>Балдар фольклору менен тааныш. | Баарлашуу кырдаалында кеп адебин сактайт: саламдашат жана сылык коштошот, ыраазычылык билдирет, ал-жай сурайт;<br>Көп түрдүүлүктүн баалуулуктарын өз ара байытуунун негизи катары аныктайт.<br>Балдар фольклору менен тааныш<br>Темага ылайык туура тыянактарды чыгарат, ал тууралуу оюн жыйынтыктуу билдирет.<br>Өз көз карашын жактай алат, башкалардын оюн угуп, колдой алат. |

1-4-класстарда Кыргыз тили жана окуу, 5-6-класстарда Кыргыз тили предметтеринен кыргыз тилинде угуу, окуу, сүйлөө жана жазуу ишмердиктери ырааттуу байланышта максаттуу түрдө ишке ашат.

## IV. ОКУТУУНУН УСУЛДАРЫ

**Технология** — каалаган натыйжага жетүү үчүн усулдардын жана каражаттардын жыйындысы.

**Метод же усул** — максатка жетүү үчүн иш-аракеттерди аткаруунун жолу. Мугалим менен окуучунун окутуунун тапшырмаларын аткарууга багытталган биргелешкен ишмердүүлүгүнүн жолу. Метод «окутуу-окуу» процессинин, окуучу менен окуучунун, окутуучу менен окуучунун өз ара мамилесинин формасы катары түшүндүрүлөт.

Башталгыч класстарда **педагогикалык технологиялар, инсанга багытталган технологиялар, ишмердүүлүккө багытталган технологиялар** колдонулат.

**Таблица 5 – Окутуунун технологиялары**

| Педагогикалык технологиялар | Инсанга багытталган технологиялар | Ишмердүүлүккө багытталган технологиялар |
|---|---|---|
| • Маалымат менен иштөө<br>• Эвристикалык окутуу | • Чыгармачылык ой жүгүртүү<br>• Креативдүү ой жүгүртүү<br>• Сын ой жүгүртүү<br>• Көйгөйлүү окутуу | • Жекече иштөө<br>• Жуп менен иштөө<br>• Топ менен иштөө<br>• Оюн технологиясы<br>• Долбоор |

Азыркы психологиялык-педагогикалык илим негизги методдордун ичинен окууга мотивдештирүү үчүн төмөнкүдөй негизги аракеттерди аныктайт:
- сабактагы ишмердүүлүктүн максатын түшүнүү жана кабыл алуу, ошондой эле сабактын милдеттерин коюу үчүн балдар менен биргелешип иштөө;
- офлайн, онлайн жана гибрид форматтарында класста өз ара түшүнүшүү жана кызматташтык атмосферасын түзүү;
- ийгилик кырдаалын жаратуу;
- сабакты уюштуруунун топтук жана жеке формаларын колдонуу;
- сабакты өткөрүүнүн стандарттуу эмес формалары:
- сынак жана оюн түрүндөгү сабактар: викторина, турнир, жарыш ж.б.;
- материалдын салттуу эмес презентациясына негизделген сабактар: сыр сандык сабак, чыгармачылык отчет ж.б.;
- иш-чара түрүндөгү сабактар: экскурсия, саякат, сейилдөө ж.б.;
- фантазия сабактары: жомок, оюн ж.б.;
- интеграцияланган сабактар ж.б.;
- мактоо менен колдоонун жана жазалоонун ийкемдүү системасы;
- оюн технологияларын колдонуу;
- маалыматтык жана көмөкчү технологияларды колдонуу.

Мунун баары окуу процессин өзгөчө уюштурууну жана окуучулар менен окуучулардын жана мугалим менен окуучулардын сабакта өз ара аракеттенүү процессинде өзүн, коомду, жалпы дүйнөнү таануунун белгилүү ыкмаларынын системасын өздөштүрүү жана предметтик жана негизги компетенттүүлүктөрдү калыптандыруу боюнча өзүнүн өнүгүү траекториясын түзүүнү талап кылат.

## V. ОКУУЧУЛАРДЫН ОКУУ ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

Окуучулардын жеке билим жетишкендиктерин жана прогрессин өлчөө үчүн класста **баалоонун үч түрү** колдонулат: диагностикалык, калыптандыруучу (формативдик) жана суммативдик. Жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык, 1-3-класстарда белги коюлбаган баалоо колдонулат. Жазуу жүзүндө же оозеки түрдө сапаттуу сүрөттөөчү баалоого гана жол берилет. А1–**А1+** деңгээлдери окуучулардын жетишкендиктерин баалоодогу жыйынтыктар аркылуу аныкталат (А1 **– 60-70%, А1+ 71-100%**)

Диагностикалык баалоодо - окуучунун компетенттүүлүгүнүн, өнүгүшүнүн баштапкы деңгээлин аныктап алып, окуучуну ыңгайлаштыруу жана андан кийин прогрессин окуу процессине түзөтүүлөрдү киргизүү, өркүндөтүү үчүн жана мугалимдер үчүн аныкталган деңгээлге жараша усулдарды тандоого негиз болот.

Калыптандыруучу (формативдик) баалоо - бул окуу процессинде өз убагында оңдоо, пландаштыруу, өзгөртүүлөрдү киргизүү жана конструктивдүү кайтарым байланыш берүү, колдоо, байкоо жүргүзүү жана маалымат чогултуунун максаттуу үзгүлтүксүз процесси.

Жыйынтыктоочу (суммативдик) баалоо - окутуунун стандарттарынын ченемдерине жана талаптарына окуучулардын билиминин дал келүүсүн, окутуунун пландаштырылган натыйжаларын өздөштүрүү деңгээлин аныкталат. Системалуу түрдө окуу бөлүмү, темасы, окуу мезгили (чейректик, жарым жылдык, жылдык) аяктагандан кийин жыйынтыктарды аныктоо үчүн класс ичинде жүргүзүлөт. Окуучунун машыгууларын тесттер, текшерүү иштери, өтүлгөн лексиканын, тематиканын чегинде чакан баяндама, дил баян, эссе жазуунун элементтери ж.б. колдонулат

Башталгыч мектепте төмөнкү принциптерге негизделген калыптандыруучу баалоо ишке ашырылат: Окуучулардын өнүгүүсүнүн негизги көрсөткүчү болуп негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн, инсандык сапаттардын калыптануу деңгээли саналат.

Билим берүү системасында педагогикалык баалоонун эки түрү колдонулат, алардын милдеттери ар башка: ченемдик жана критерийлик.

**Ченемдик баалоо** – айрым окуучулардын билимин даярдык деңгээлине карата аткарылат. Мисалы, окуучу мүнөтүнө канча сөз окуйт, диктантта канча сөз туура жазат ж.б. Анын максаты – баа коюу үчүн эмес, дифференцияланган мамилени камсыз кылуу максатында окуу процессинде окуучулардын деңгээлине жараша топторду түзүп, түшүнүү, салыштыруу, жашоо шартында, турмуштук кырдаалда колдонуусун өнүктүрүүнү шарттайт.

**Критериалдык баалоо** – окуучулардын жеке билимин баалоо белгиленген стандарттарга карата жүргүзүлөт. Анын максаты белгиленген стандарттарга карата айрым окуучулардын же топтордун жыйынтыктарын сүрөттөп берүү болуп саналат. Баалоонун бул эки түрү бири-бирин жокко чыгарбайт, педагогикалык практика ченемдик да, критериалдык да баалоого муктаж. Мугалим баалоонун кайсы түрүн колдонушу керектигин аныктоо үчүн, баалоо максатына кайрылышы керек. Эгерде ар бир окуучу окуу материалынын маанилүү бөлүгүн өздөштүргөнүн же өздөштүрбөгөнүн аныктоо зарыл болсо, анда бул учурда критериалдык баалоонун түрүн колдонуу зарыл.

Окуучулардын иш-аракеттерин баалоодо мугалим тандалган методдорго жана окутуу формаларына ылайык ар кандай баалоо ыкмаларын колдонот. Баалоо тутумун иштеп чыгууда мугалим негизги **принциптерди** жетекчиликке алышы керек:

**Маанилүүлүк –** окуучулардын эң маанилүү окуу натыйжаларын жана иш-аракеттерин баалоого көңүл буруу.

**Адекваттуулук** – окутуунун максаттарына жана натыйжаларына билимдерди, көндүмдөрдү, билгиликтерди, баалуулуктарды, компетенттүүлүктү баалоону көзөмөлдөө.

**Объективдүүлүк** – бул принцип бардык окуучулардан окшош шарттарда бир эле сыноодон өтүүнү талап кылат. Маалыматтарды иштеп чыгуунун объективдүүлүгү мугалимге да, бардык окуучуларга да белгилүү болгон так баалоо *критерийлеринин* болушун карайт.

**Ишенимдүүлүк** – педагогикалык өлчөөнүн тактык даражасы. Эгерде бир эле белгини кайталап өлчөө бирдей натыйжаларды берсе, баалоо ыкмасы ишенимдүү деп эсептелет.

**Ачык-айкындык** – баалоо критерийлери жана формалары баалоо процедурасынан мурун окуучуларга түшүнүктүү, так баяндалып, белгилүү болушу керек. Окуучулар баалоо критерийлерин иштеп чыгууга катышат.

**Ыкластуулук – баалоо жылуу маанайда болушу керек,** т.а. окуучулардын каталары эмес, жетишкендиктери бааланат. Баалоо критерийлери оң берилет (*3 тапшырма аткарылды, 5 сөз жазды*), терс формулировкалар алынып салынат (мүмкүн эмес, *жасай албайт, 5 ката кетирилген ж.б.*).

**Баалоонун натыйжалуулугу үчүн, мугалимдин фасилитатордук ишмердиги**

**Баалоо ийкемдүү болушу керек.** Мугалим натыйжаларды көрүү үчүн ар кандай формаларды, ыкмаларды жана тапшырмаларды колдонот: Окуучулардын өзүн-өзү баалоо, бири-бирин баалоо, сапаттуу баалоо куралдары (сүрөт тартуу, графикалык иш, роль ойноо, оозеки же жазуу жүзүндөгү жооп, портфолиосу, байкоо жүргүзүү өнүгүү карталары ж.б.)

**Баалоо шыктандыруучу болушу керек.** Мугалим окуучулар жана ата-энелер менен окуу процессинде көйгөйлөрдү бирге чечүү үчүн ата-энелерге (мыйзамдуу өкүлдөргө) окуучунун жетишкендиктери же кыйынчылыктары боюнча маалымат берип, ар дайым позитивдүү жана конструктивдүү кайтарым байланыш (жазуу жана оозеки түрүндө) окуу прогрессин талкуулайт:

– окуу ишиндеги ийгиликтерди көрсөтүү,
– эң типтүү каталардын көрсөтмөлөрү,
– окууга кызыгууну стимулдаштыруу,
– коюлган баа менен окуучунун макулдугун камсыз кылуу.

**Өзүн-өзү баалоо жана өз ара баалоо.** Бул учурда тапшырманы аткаруунун критерийин биргелешип чечип алуу керек

**5 - 6-класстарда окуучулардын тил билүү деңгээлдерин баалоо**

**Лексика-грамматиканы тестирлөөнүн процессинде төмөнкүлөр текшерилет**:

- контекстте жөндөмө категориясын (этиштик жана заттык башкаруу) туура колдоно билүүсү;
- жөнөкөй сүйлөмдүн түзүлүшүн, ээ менен баяндоочтун катышын билүүсү;
- берилген контекст боюнча этиштин чактарын туура колдоно билүүсү;
- синтаксистик синонимиянын көрүнүштөрүн (жөнөкөй жана татаал сүйлөмдөрдөгү бышыктоочтук, сын-сыпаттык, салыштырмалуу мамилелерди) туура колдоно билүүсү;
- лексикалык бирдиктердин маанисин ажыратып билүү жана берилген контекстте аларды (мааниси боюнча уңгусу бир этиштердин лексика-грамматикалык топтору, өтмө маанисинде кыймыл-аракет этиштер) колдоно билүүсү.

**Окуп түшүнүүнүн денгээлинде** – когнитивдик мүнөздөгү белгилүү баарлашуунун маселелерин чечүү үчүн кесиптик багытталган окуп түшүнүүдөгү кептик ык-көндүмдөрдүн деңгээли текшерилет. Окуп түшүнүү тестирлөө учурунда төмөнкү ык-көндүмдөрү текшерилет:

- Ар кандай типтеги кесиптик-багытталган тексттерди окуу жана алардан баарлашуунун маселелерин чечүү үчүн керектүү маалыматты табуу;

- Тексттеги маалыматты (таанышуу окуудагы) толук жана так түшүнүү, автордун коммуникативдик каалоо-ниетин туура түшүндүрүү;
- Тексттеги маанилүү бөлүктөрдү таап, алардын семантикалык, түзүлүштүк уюштуруусун жана коммуникативдик багытталышын табуу;
- Мазмундук бөлүктөрдө негизги жана кошумча (конкреттештирилген, деталданган, сүрөттөөчү) маалыматты (таанышуу окууда) табуу;
- (таанышуу окуудагы) тексттин жалпы мазмунун түшүнүү;
- (издөө окуудагы) маалыматты максаттуу издөө;
- Окуунун ар кандай багыттоосун жана ыкмаларын, ошондой эле окуп түшүнүүнүн ар кандай түрлөрүн (изилдөө, таанышуу, издөө жана бириктирилген) колдонуу.

**Жазуунун деңгээлинде** – функционалдуу жазуу кебинин кептик көндүмдөрдүн деңгээли текшерилет. Жазуу тести маалыматты жазуу түрүндө берүү үчүн керектүү кептик көндүмдөрүн текшерет; коммуникативдик багытка ылайык келген кээ бир маалыматты жазышат.

**Угуп тушүнүүнүн деңгээлинде** – монолог формасында гуманитардык тармактан берилген текстти угуп түшүнүү үчүн керектүү көндүмдөрдүн деңгээлин баалайт.

**Сүйлөөнүн деңгээлинде** – окуу, окуу-илимий баарлашуу чөйрөсүндөгү, түрдүү кырдаалдарда монолог жана диалог кептеринде коммуникативдик билгичтиктин калыптандыруусу текшерилет.

Диалог кебинде төмөнкү көндүмдөр текшерилет:

- жогоруда көрсөтүлгөн баарлашуу чөйрөсүнө актуалдуу ролдордо сүйлөп чыгуусу;
- керектүү маалыматты түшүнүү, сурап билүү, тактоо жана айтып берүүсү.

Продуктивдүү монолог кебинде өздүк аралаш типтеги (аңгемелешүүнүн элементтери менен билдирүү, баяндоо-аңгеме тексти) сүйлөө көндүмдөрү текшерилет.

**Тесттик тапшырмалардын жыйынтыктарын ылгоо жана баалоо**

Окуучу тесттин кайсы бир бөлүгүн бөлүнгөн убакытта аткарган эмес болсо, бул бөлүктү баалай турган упайлар кемитилет.

Сынактын жыйынтыгын баалоо эки деңгээлге бөлүнөт: канааттандырарлык жана канааттандырарлык эмес.

**Таблица 6 – Сынактын жыйынтыгын баалоо**

| **Субтест** | **Деңгээлдер** (көрсөткүчтөр упайлар менен) | |
|---|---|---|
| | **Канааттандырарлык** | **Канааттандырарлык эмес** |
| **Грамматика. Лексика.** | **A1** 7 – 10 (75%-100%)<br>**A2** 8 – 10 (80%-100%) | 7 ден аз (75%дан кем)<br>8 ден аз (80%дан кем) |
| **Окуп түшүнүү** | **A1** 7 – 10 (75%-100%)<br>**A2** 8 – 10 (80%-100%) | 7 ден аз (75%дан кем)<br>8 ден аз (80%дан кем) |
| **Жазуу** | **A1** 7 – 10 (75%-100%)<br>**A2** 8 – 10 (80%-100%) | 7 ден аз (75%дан кем)<br>8 ден аз (80%дан кем) |
| **Угуп түшүнүү** | **A1** 7 – 10 (75%-100%)<br>**A2** 8 – 10 (80%-100%) | 7 ден аз (75%дан кем)<br>8 ден аз (80%дан кем) |
| **Сүйлөө** | **A1** 7 – 10 (75%-100%)<br>**A2** 8 – 10 (80%-100%) | 7 ден аз (75%дан кем)<br>8 ден аз (80%дан кем) |

Төмөнкү натыйжаларды көрсөткөн окуучулар тестти ийгиликтүү аткарган болуп саналат: А1 тести боюнча канааттандырарлык деңгээл – 35 упай (тесттин баасынан 75%), А2 тести боюнча канааттандырарлык деңгээл – 40 упай (тесттин баасынан 80%),

## VI. РЕСУРСТУК КАМСЫЗДООГО МИНИМАЛДЫК ТАЛАПТАР

Башталгыч класстарда сапаттуу билим берүүнү камсыздоо үчүн ресурстук камсыздоо өтө маанилүү ролду ойнойт. Бул ресурстар окуучулардын калыптануусуна, билимди терең өздөштүрүүсүнө жана мугалимдердин натыйжалуу иштешине шарт түзөт.

**Таблица 7 – Ресурстук камсыздоо**

| Билим берүү ресурстарынын түрлөрү | Талаптардын мүнөздөмөсү |
|---|---|
| **Маалыматтык-байланыш технологиялары** | Башталгыч мектептеги окуу процесси каражаттарды (персоналдык компьютерлер, сканерлер, принтерлер, мультимедиялык проекторлор ж.б.), анын ичинде майыптыгы бар балдар үчүн көмөкчү технологияларды (үндү күчөткүч, наушник, проектор, лупа ж. б.) камтыган заманбап компьютердик техника менен камсыз кылынышы керек.<br>МКТнын заманбап каражаттары төмөнкүлөрдү камсыз кылышы керек:<br>- глобалдык (Интернет тармагы) жана ички локалдык тармактын ресурстарына жетүү;<br>- интерактивдүү билим берүү ишинин мүмкүнчүлүгү;<br>- окуу мазмунун көрсөтүү.<br>- үндү күчөтүүчү приборлор (колонкалар, наушниктер), көрүүсү, угуусу начар окуучулардын материалды өздөштүрүүсүн камсыз кылуучу субтитрлер.<br>Компьютердик техниканын саны билим берүү керектөөлөрүнө ылайык келүүгө жана аны натыйжалуу пайдаланууга педагогдордун жана окуучулардын даярдык деңгээлин эске алууга тийиш. Санариптик компетенттүүлүктү өнүктүрүүгө багытталган мугалимдер үчүн квалификацияны жогорулатуу курстарын үзгүлтүксүз уюштуруу зарыл. |
| **Санариптик билим берүү ресурстары** | Башталгыч мектепте окуу процесси санариптик билим берүү ресурстары, анын ичинде электрондук окуу китептери, предметтер боюнча тренажерлор, Интернет түйүнүндө издөө каражаттары жана издөө системалары, электрондук билим берүү материалдарынын коллекциялары, ошондой эле билим берүү интернет-порталдары менен камсыз болушу керек. Санариптик ресурстар плакаттар, таблицалар жана схемалар сыяктуу басылган визуалдык демонстрацияларды алмаштыра алат.<br>Санариптик билим берүү булактары материалдарга, анын ичинде титрлерге жана наушниктерге визуалдык жана угуу мүмкүнчүлүгүн берет. |

| | |
|---|---|
| | Санариптик билим берүү ресурстары төмөнкү функцияларды аткарышы керек:<br>- маалымат булактары;<br>- керектүү маалыматты издөө куралдары;<br>- окуу процессин уюштуруу каражаттары.<br>Санариптик билим берүү ресурстарынын саны жана тизмеси зарылчылыктын жана жетиштүүлүктүн талаптарына жооп бериши керек. |
| **Окуу-методикалык комплекстерн** | Окуу процесси мугалим үчүн зарыл болгон методикалык камсыздоону (окуу китеби, окуу программасы, мугалим үчүн методикалык сунуштамалар, жумушчу дептер ж.б.), маалымдамаларды жана сөздүктөрдү камтыган заманбап окуу-методикалык комплекс менен камсыз кылынууга тийиш. Окуу-методикалык комплекси төмөнкүлөрдү камсыз кылат :<br>– предметтик мазмунду өздөштүрүү;<br>– окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн уюштуруу;<br>– окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү;<br>– билимдерди, көндүмдөрдү, компетенттүүлүктөрдү окуучулардын билим алуу муктаждыктарын эске алуу менен өнүктүрүү: окууда кыйынчылыктарга дуушар болгон окуучулар үчүн, ошондой эле таланттуу балдар үчүн материалдар (дидактикалык карточкалар, онлайн куралдар, графикалык уюштургучтар ж.б.). |

## IX. ШЫКТАНДЫРУУЧУ ЖАНА КООПСУЗ БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨСҮН ТҮЗҮҮ

Кыргыз тили жана окуу предметин окутуу коммуникативдик көндүмдөрдү, таанып билүү активдүүлүгүн калыптандырууга жана өнүктүрүүгө, окуучулардын кругозорун жана өз алдынчалыгын кеңейтүүгө көмөктөшүүчү билим берүү чөйрөсүн түзүүнү камсыз кылууга тийиш.

Шыктандыруучу жана коопсуз билим берүү чөйрөсү - окуучулардын билимге болгон кызыгуусун арттыруу, өзүн ишенимдүү сезүүсүнө, эркин ой жүгүртүүсүнө жана инсандык сапаттарын өнүктүрүүгө шарт түзүү, окуучуларды билим алуу процессине кубаныч менен катышууга, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууга, башкалар менен кызматташууга жана жоопкерчиликтүү болууга үйрөтүү.

Ар бир окуучунун жеке өзгөчөлүктөрүн эске алуу, инклюзивдик методдорду колдонуу жана окуу үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү маанилүү.

**Сабакта эмоционалдык позитивдүү, шыктандыруучу (мотивациялык) чөйрөнү түзүү** позитивдүү кайтарым байланыш, мугалимдин ачык жана так көрсөтмөлөрү, окуу жүктөмүнүн чегинде жамааттык окутуу, өзүн-өзү баалоо жана өз ара баалоо аркылуу ишке ашат.

Кыргыз тили жана окуу сабактарындагы натыйжалуу билим берүү чөйрөсү бир нече негизги компоненттерди камтыйт.

**Универсалдуу окуу дизайны.** Окутуунун универсалдуу дизайны (ыктыярдуу) бардык окуучулар үчүн окутуу процессинин жеткиликтүүлүгүнө жана натыйжалуулугуна, алардын даярдык деңгээлине жана жеке өзгөчөлүктөрүнө карабастан багытталган.
Бул үчүн материалды берүүнүн ар кандай ыкмаларын колдонуу керек:

- Визуалдык каражаттар: карталар, схемалар, графиктер, презентациялар, видеолор.
- Аудио материалдар: ырлар, подкасттар, аудиокитептер, диалогдор.
- Кинестетикалык ыкмалар: жаңсоолор, роль ойноо, интерактивдүү тапшырмалар, физикалык буюмдарды колдонуу.

Мындан тышкары, универсалдуу дизайн билимди билдирүүнүн ар кандай жолдорун колдонууну камтыйт. Баалоо төмөнкүлөрдү камтышы мүмкүн:

- Классикалык формалар (тесттер, жазуу иштери).
- Альтернативдик жолдору (сүрөттөр, диаграммалар, менталдык карталар, видеопрезентациялар, ролдук оюндар).

Даярдыктын ар кандай деңгээлиндеги окуучулар үчүн тапшырмаларды адаптациялоо маанилүү аспект болуп саналат:

- Сабакты жакшы өздөштүргөн окуучуларга татаал чыгармачыл тапшырмаларды сунуштоого болот (эссе жазуу, дебатка катышуу).
- Кыйынчылык менен өздөштүргөн окуучуларга көбүрөөк кайталоо, тапшырмаларды аткаруунун үлгүлөрүн берүү, жуп болуп иштөө пайдалуу.

Универсалдуу окуу дизайнын колдонуу ар бир окуучуга билим берүү максаттарына жетүүгө мүмкүндүк берет, кызыгууну жогорулатат жана тилин үйрөнүү процессин жемиштүү кылат.

**Окутуунун оюн жана интерактивдүү ыкмалары**. Оюн ыкмалары тилди өздөштүрүүгө көмөктөшөт, окуу процессин кызыктуу кылат жана ката кетирүүдөн коркууну азайтат. Оюндарды, сценкаларды жана интерактивдүү тапшырмаларды колдонуу байланыш көндүмдөрүн өнүктүрөт жана окуучулардын тил үйрөнүүгө болгон позитивдүү мамилесин калыптандырат. Натыйжалуу оюн ыкмаларынын катарына төмөнкүлөр кирет:

- Ролдук оюндар жана реалдуу турмуштук кырдаалдарды сахналаштыруу, байланыш кырдаалдарында тилди колдонууга ишенимди өнүктүрүү.
- Лексиканы жаттоого жана туура айтылышын өнүктүрүүгө жардам берген кыймылдар менен ырлар.
- Кызматташуу жана социалдаштыруу көндүмдөрүн жайылтуучу командалык тапшырмалар.

Окутуунун мындай ыкмалары мотивацияны гана жогорулатпастан, окуучуларга тил материалдарын табигый түрдө тезирээк жаттоого мүмкүндүк берет.

**Материалды акырындап татаалдаштыруу.** Окутуу "жөнөкөйдөн татаалга" принциби боюнча курулат. Баштапкы этапта балдар айрым сөздөрдү жаттап, андан кийин жөнөкөй сөз айкаштарын, сүйлөмдөрдү түзүүгө өтүшөт, кийинчерээк диалогдорду жана чакан тексттерди өздөштүрүшөт. Бул ыкма окуучуларга татаал маалыматтарды жүктөбөй, акырындык менен сөз байлыгын кеңейтүүгө мүмкүндүк берет.

**Кептик, тилдик көндүмдөрдү өнүктүрүү.** Тилди толук билүү үчүн төрт негизги аспектти өнүктүрүү маанилүү:

- Угуу (кепти угуу менен кабыл алуу).
- Сүйлөө (сүйлөм түзүү жана ойду билдирүү жөндөмү).
- Окуу (тексттерди түшүнүү).
- Жазуу (жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү).

Ар бир сабак төрт аспектинин элементтерин камтышы керек. Окуяларды угуу, мазмунун талкуулоо, айтып берүү, угуу жана сүйлөө көндүмдөрүн өрчүтүүгө жардам берет. Тексттерди окуу жана жазуу тапшырмаларын аткаруу сөз байлыгын бекемдөөгө жана кеңейтүүгө мүмкүндүк берет.

**Тил үйрөнүүнүн башка предметтер менен байланышы**. Кыргыз тили жана окуу предмети

башка предметтик чөйрөлөргө интеграциялоо аны үйрөнүүнү табигый жана маңыздуу кылат.

- Математика: эсептөө, диаграммалар жана графиктер менен иштөө.
- Табият таануу: жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн, жаратылыш кубулуштарынын аттарын үйрөнүү.
- Музыка: ырларды аткаруу.

Мындай предмет аралык байланыш материалды жакшыраак өздөштүрүүгө өбөлгө түзөт жана окуучуларга тилди ар кандай контекстте колдонууга жардам берет.

**Психологиялык жактан коопсуз чөйрөнү түзүү**. Эмоционалдык колдоо жана психологиялык жагдай тил үйрөнүү процессинде маанилүү ролду ойнойт. Класстагы достук атмосфера тынчсызданууну азайтат, окуучулардын ишенимин жогорулатат жана алардын окуу процессине катышуусуна өбөлгө түзөт. Позитивдүү окуу чөйрөсүн түзүү үчүн төмөнкүлөр маанилүү:

- Окуучулардын кичинекей жетишкендиктерин белгилеп, алардын позитивдүү маанайын жана мотивациясын сактоо.
- Каталар ийгиликсиздик эмес, окуунун бир бөлүгү катары каралуучу коопсуз чөйрөнү түзүү.
- Өзүнө анча ишенбеген окуучуларга тилди ыңгайлуу шартта практикалоого мүмкүндүк берген топтук иштерди жана жуптук тапшырмаларды колдонуу.

Мындай мамиле окуучулардын окуу процессине активдүү катышуусуна өбөлгө түзөт, алардын тилди кабыл алуу жана аны иш жүзүндө колдонуу жөндөмүн жакшыртат.

*ТИРКЕМЕ 1*

## ТИЛ БИЛҮҮ ДЕҢГЭЭЛИНИН СЫПАТТАМАСЫ

| Тил билүүнүн мүнөзү | Деңгээлдердин сыпаттамасы |
|---|---|
| **А1 – Элементардык деңгээл** | |
| **А1**<br>**Тилди эң жөнөкөй деңгээлде колдоно билүү** | **УГУП ТҮШҮНҮҮ**<br>Өзүм, үй-бүлөм, жакындарым, жашаган жерим, классташтарым/досторум, милдеттерим, кызыгууларым боюнча так, жай, жөнөкөй сөздөр менен айтылган кыска маалыматты жана суроолорду түшүнө алам.<br>Окуума тиешелүү терминдерди, жөнөкөй сөздөр менен айтылган өтүнүч, сунуш, талап, кыска маалымат жана телефон аркылуу кайрылууларды так же кайталап айткан учурда түшүнөм.<br>Коомдук жайларда (дүкөн, аялдама ж.б.) так жана жай айтылган сан, аталыш, убакыт жана кыска, жөнөкөй нускамаларды, кулактандырууларды түшүнөм.<br>Жеке, коомдук-маданий, окуу чөйрөлөрүндө жана кесиптер жөнүндө так жана жай айтылган жөнөкөй сүйлөшүүлөрдүн негизги мазмунун түшүнөм.<br>**СҮЙЛӨӨ**<br>Өзүмдү тааныштырып, белгилүү темалар боюнча суроолорго кыскача жооп бере алам жана жөнөкөй сөздөр менен маалымат сурап биле алам.<br>Коомдук жайларда колдонулуучу этикеттик сөздөрдү пайдаланып, убакыт, дарек ж.б жөнүндө суроо бере алам жана ыраазычылык билдире алам.<br>Окуган жерим, классташтарым/досторум, милдеттерим жана кызыгууларымды жөнөкөй сөздөр менен сүрөттөп бере алам.<br>Кыргызстандын кооз жерлери, аба ырайы, жыл мезгилдери жөнүндө жөнөкөй сөздөр менен кыскача айтып бере алам.<br>**ОКУП ТҮШҮНҮҮ**<br>Жөнөкөй сөздөр менен жазылган сүрөттүү плакат, кулактандыруу, кат, билдирүүлөрдү окуп түшүнөм.<br>Күнүмдүк турмуштагы (коомдук жерлерде) кыска, жөнөкөй нускама жана маалыматтардын маанисин түшүнөм.<br>Окуума тиешелүү негизги терминдерди, жөнөкөй сөздөр менен жазылган өтүнүч, сунуш, талап, кайрылуу жана кыска маалыматтарды түшүнөм.<br>Жөнөкөй сөздөр менен жазылган кат, кайрылуулардын негизги мазмунун түшүнөм. Окуган жерим, классташтарым/досторум, милдеттерим жана кызыгууларымды жөнөкөй сөздөр менен сүрөттөп бере алам.<br>**ЖАЗУУ**<br>Өзүм, үй-бүлөм, окуум, өлкөм жөнүндө жеке маалыматты колдонуп, түрдүү анкеталарды, бланктарды толтура алам.<br>Жашаган жерим, үй-бүлөм, окуум, классташтарым/досторум, милдеттерим, кызыгууларым жөнүндө жөнөкөй сөздөрдү колдонуп кыскача кат жаза алам.<br>Ачык катта жөнөкөй сөздөр менен куттуктоо жаза алам. |

| | |
|---|---|
| **А2**<br>**Тилди базалык деңгээлде колдоно билүү** | **УГУП ТҮШҮНҮҮ**<br>Жеке чөйрөдө (өзүм, үй-бүлөм, жакындарым, туулуп өскөн жерим, классташтарым/досторум, милдеттерим, кызыгууларым ж.б. жөнүндө) жөнөкөй сөздөр менен так жана жай берилген маалыматты түшүнөм жана суроолорго жооп бере алам<br>Коомдук жайларда же көчөдө жөнөкөй сөздөр менен так жана жай айтылган каалоо, сунуш, талап, кеңеш жана өтүнүчтөрдү түшүнөм<br>Окуу чөйрөсүндө кыска, так айтылган кулактандыруу, нускама, кайрылуу жана маалыматтарды түшүнөм.<br>Кызыктырган темалар боюнча радио жана аудиотасмадан так, тунук үн менен берилген монолог жана диологдордун мазмунун түшүнөм<br>**«СҮЙЛӨӨ»**<br>Телефон аркылуу кыскача маалымат сурай алам жана өтүнүч, сунуш, каалоо-тилектеримди жөнөкөй сөздөр менен билдире алам.<br>Коомдук жерлерде суроо берип, бир нерсени өз алдымча сатып ала алам жана керектүү буюмумду жөнөкөй сөздөр менен сүрөттөй алам<br>Көчөдө коомдук унаа тууралуу маалымат сурап биле алам жана этикеттик кайрылууларды колдоно алам.<br>«Классташтарым/досторум», «Милдеттерим», «Кызыгууларым», «Эс алуум», «Мекеним» ж.б. темаларда сүйлөшүп, өз ой-пикиримди жөнөкөй сөздөр менен кыскача билдире алам.<br>**ОКУП ТҮШҮНҮҮ**<br>Окуума тиешелүү маалыматты журнал, китеп жана интернеттен таба алам.<br>Белгилүү бир нерсени пайдалануу үчүн так көрсөтмөлөрдү түшүнөм жана корутунду жасай алам.<br>Түрдүү темадагы чакан текст, аңгемелердин негизги маанисин түшүнөм.<br>Окуума тиешелүү буклет, бланк, кыска документтерди жана жеке мүнөздөгү каттарды түшүнө алам.<br>**ЖАЗУУ**<br>“Үй-бүлөм», «Окуум», «Досторум», «Мекеним» жана башка темалар боюнча кыскача текст түзө алам.<br>Классташтарыма/досторума, туугандарыма телефон аркылуу өтүнүч, сунуш, чакыруу, билдирүү жана ыраазычылык жаза алам.<br>Классташтарыма/досторума, туугандарыма телефон аркылуу өтүнүч, сунуш, чакыруу, билдирүү жана ыраазычылык жаза алам.<br>Келечектеги пландарым, каалоолорум, эс алуум жөнүндө кыскача жаза алам. |

*ТИРКЕМЕ 2*

**А1, А1+ ТИЛ БИЛҮҮ ДЕҢГЭЭЛДЕРИНИН КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ**

| | | |
|---|---|---|
| | **«УГУУ» КӨНДҮМҮ** | А1 |
| 1 | Өзүм, үй-бүлөм, жакындарым, жашаган жерим, классташтарым/досторум, милдеттерим, кызыгууларым боюнча так, жай, жөнөкөй сөздөр менен айтылган кыска маалыматты жана суроолорду түшүнө алам. | |
| 2 | Окуума тиешелүү терминдерди, жөнөкөй сөздөр менен айтылган өтүнүч, сунуш, талап, кыска маалымат жана телефон аркылуу кайрылууларды так же кайталап айткан учурда түшүнөм. | |
| 3 | Коомдук жайларда (дүкөн, аялдама ж.б.) так жана жай айтылган сан, аталыш, убакыт жана кыска, жөнөкөй нускамаларды, кулактандырууларды түшүнөм. | |
| 4 | Жеке, коомдук-маданий, окуу чөйрөлөрүндө жана кесиптер жөнүндө так жана жай айтылган жөнөкөй сүйлөшүүлөрдүн негизги мазмунун түшүнөм. | |
| | **«ОКУП ТҮШҮНҮҮ» КӨНДҮМҮ** | А1 |
| 1 | Жөнөкөй сөздөр менен жазылган сүрөттүү плакат, кулактандыруу, кат, билдирүүлөрдү окуп түшүнөм. м. | |
| 2 | Күнүмдүк турмуштагы (коомдук жерлерде) кыска, жөнөкөй нускама жана маалыматтардын маанисин түшүнөм. | |
| 3 | Окуума тиешелүү негизги терминдерди, жөнөкөй сөздөр менен жазылган өтүнүч, сунуш, талап, кайрылуу жана кыска маалыматтарды түшүнөм. | |
| 4 | Жөнөкөй сөздөр менен жазылган кат, кайрылуулардын негизги мазмунун түшүнөм | |
| | **«ЖАЗУУ» КӨНДҮМҮ** | А1 |
| 1 | Өзүм, үй-бүлөм, окуум, өлкөм жөнүндө жеке маалыматты колдонуп, түрдүү анкеталарды, бланктарды толтура алам. | |
| 2 | Жашаган жерим, үй-бүлөм, окуум, классташтарым/досторум, милдеттерим, кызыгууларым жөнүндө жөнөкөй сөздөрдү колдонуп кыскача кат жаза алам. | |
| 3 | Ачык катта жөнөкөй сөздөр менен куттуктоо жаза алам. | |
| 4 | Күн тартибимди жана жумалык иш планымды жөнөкөй сөздөр менен жаза алам. | |
| | **«СҮЙЛӨӨ» КӨНДҮМҮ** | А1 |
| 1 | Өзүмдү тааныштырып, белгилүү темалар боюнча суроолорго кыскача жооп бере алам жана жөнөкөй сөздөр менен маалымат сурап биле алам. | |
| 2 | Коомдук жайларда колдонулуучу этикеттик сөздөрдү пайдаланып, убакыт, дарек ж.б жөнүндө суроо бере алам жана ыраазычылык билдире алам. | |
| 3 | Окуган жерим, классташтарым/досторум, милдеттерим жана кызыгууларымды жөнөкөй сөздөр менен сүрөттөп бере алам. | |
| 4 | Кыргызстандын кооз жерлери, аба ырайы, жыл мезгилдери жөнүндө жөнөкөй сөздөр менен кыскача айтып бере алам. | |